УДК 355.3(470)

**Касаболотов Жыргалбек Асекович**
КР УИАнын аспиранты
**Касаболотов Жыргалбек Асекович**
аспирант НАН КР
**Kasabolov Zhyrgalbek Asekovich**
postgraduate student of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КҮЧ ТҮЗҮМДӨРҮНҮН ФУНКЦИОНАЛДЫК ДИСБАЛАНС МАСЕЛЕСИ

## ПРОБЛЕМЫ ФУНКЦИОНАЛЬНОГО ДИСБАЛАНСА СИЛОВЫХ СТРУКТУР В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

## PROBLEMS OF FUNCTIONAL IMBALANCE OF POWER STRUCTURES IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасынын коопсуздугунун айрым өңүттөрү жана мында күч түзүмдөрүнүн ролу талдоого алынат. Айрым органдар өз функционалдык милдеттеринен аша чаап, айрымдары тескерисинче ыкшоолук кылып жатканы баяндалат. Кыргызстандын коопсуздук багытында маанилүү көйгөйлөрүнүн бири болгон кылмыш дүйнөсүнө карата объект абалы көрсөтүлөт. Бул багытта посстсоветтик мейкиндиктеги республикалардагы кылмыш дүйнөсүндөгү процесстер салыштырмалуу талдоого алынат. Бул багытта буга чейин болуп келген кайдыгерлик, табакташтык жагын да айта кетишет. Кетирилген кемчиликтерди эске алуу менен күч түзүмдөрүндө институционалдык реформаларга баруу күн тартибиндеги маанилүү маселелерден экени баса белгиленет. Ошондой эле аскердик, өзгөчө кырдаалдарда коргоо министрлигинин түзүмдөрүнүн дислакациясына ыңгайлуу географиялык аймак жөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр:** коопсуздук, улуттук коопсуздук, коргонуу, улуттук кызыкчылыктар, объект абал, субъект абал, күч түзүмдөрү, уюшкан кылмыштуулук, кылмыштуу топтор, кылмыш дүйнөсү,коррупция, чек ара, аскердик өнөктөштүк, эл аралык жана саясий бирикмелер.

**Аннотация.** В статье анализируются некоторые аспекты безопасности Кыргызской Республики и роль силовых структур. Сообщается, что некоторые органы превышают свои функциональные обязанности, а некоторые, наоборот, действуют эгоистично. Представлено состояние объекта по отношению к криминальному миру, который является одной из важнейших проблем Кыргызской Республики с точки зрения безопасности. В этом направлении сравниваются процессы в криминальном мире республик постсоветского пространства. В этом направлении также упоминаются стороны безразличия и конфронтации. С учетом устраненных недостатков подчеркивается, что переход к институциональным реформам во властных структурах является одним из важных вопросов повестки дня. Также идет речь об удобной гео-

графической зоне для дислокации структур Минобороны в чрезвычайных ситуациях.
**Ключевые слова:** безопасность, национальная безопасность, оборона, национальные интересы, объектная ситуация, субъектная ситуация, силовые структуры, организованная преступность, преступные группировки, криминальный мир, коррупция, граница, военное партнерство, международные и политические объединения.

**Abstract**. The article analyzes some aspects of the security of the Kyrgyz Republic and the role of security forces. It is reported that some bodies exceed their functional responsibilities, and some, on the contrary, act selfishly. The state of the object in relation to the criminal world, which is one of the most important problems of the Kyrgyz Republic from a security point of view, is presented. In this direction, the processes in the criminal world of the republics of the post-Soviet space are compared. In this direction, the sides of indifference and confrontation are also mentioned. Taking into account the eliminated shortcomings, it is emphasized that the transition to institutional reforms in government structures is one of the important issues on the agenda. We are also talking about a convenient geographical area for the deployment of Ministry of Defense structures in emergency situations.
**Key words:** security, national security, defense, national interests, object situation, subject situation, security forces, organized crime, criminal groups, criminal world, corruption, border, military partnership, international and political associations.

Кыргызстанда улуттук коопсуздукту камсыз кылуу милдети Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетке (УКМК)жүктөлгөн.Дүйнөжүзүндөатайын кызматтардын негизги милдети чалгын, контрчалгын жана конституциялык түзүлүштүн бекемдигин камсыз кылуу болуп саналат. Уюшкан кылмыштуулукка каршы ички иштер органдары күрөшөт, коррупцияга каршы күрөш боюнча бир катар өлкөлөрдө өзүнчө органдар бар. Бирок Кыргызстанда 2020-жылы бийлик алмашкандан бери коррупцияга каршы түздөн-түз күрөш жүргүзүү милдетин алган Финансы полициясы жоюлуп кеткен [8]. “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө” мыйзамынын 2-беренесине ылайык, кылмыштуулукка каршы күрөшүү ички иштер органдарынын милдети болуп саналат [9]. Ошого карабастан, УКМК коррупцияга каршы күрөштү да, уюшкан кылмыштуулук менен күрөштү да жүргүзүүдө. Атап айтканда, Мамлекеттик бажы кызматынын башчысынын мурдагы орун басары Райымбек Матраимовду УКМК кармап, ага “Жемкорлук” жана “Мыйзамсыз баюу” беренелери боюнча айып таккан [10]. 2023-жылыКыргызстандагы кылмыштуу дүйнөнүн анабашы деп эсептелип жүргөн Камчыбек Көлбаев да УКМКнын атайын операциясы менен өлтүрүлгөн [11]. Андан кийин УКМК Кыргызстандагы кылмыш дүйнөсүнүн анабашыларын кармаганы, алар эл алдында кылмыш дүйнөсүнөн баш тартканы тууралуу кабарлар жана материалдар медиада жетиштүү.

Ошол эле учурда УКМКнын эң маанилүү милдети болгон чалгын тармагы аксап жатканын Тажикстандын 2021- жана 2022-жылдардагы агрессиялык аракеттеринин кесепеттери, ага болгон аскердик түзүмдөрдүн даярдыгынын деңгээли даана көрсөткөн. Бул боюнча УКМКга парламентте да, эл арасында да көп сын айтылган [12].

Жогорудагы маалыматтардын баарын эске алганда, изилдөө жүргүзүлүп жаткан мезгилге карата УКМКнын жана башка күч түзүмдөрүнүн иш милдеттеринде терең функционалдык дисбаланс орногону көрүнүп турат (3-таблица).

**3-таблица.** УКМК менен башка күч түзүмдөрүнүн иш милдеттериндеги функционалдык дисбаланс

| | **Иш жүзүндө аткарып жаткан орган** | **Табигый аткаруучусу** | **Сапаты** | **Көрсөткүчү** |
|---|---|---|---|---|
| Чалгын жана контрчалгын | УКМК | УКМК | Өтө начар | Тажикстандын 2021, 2022-жылдардагы агрессиясына даярдыктын деңгээли |
| Конституциялык түзүлүштүн коопсуздугу | УКМК | УКМК | Начар | 2005, 2010 жана 2020-жылдары болуп өткөн бийлик алмашуу |
| Коррупция менен күрөш | УКМК | Өз алдынча орган же Финполиция | Орто | Коррупция үчүн айыпталган айрым адамдардын кармалышы |
| Уюшкан кылмыштуулук менен күрөш | УКМК | ИИМ | Жакшы | Кылмыш дүйнөсүнүн өкүлдөрү өз ынанымдарынан баш тартышы (2023) |
| Чек ара коопсуздугу | УКМК | Чек ара кызматы же Коргоо министрлиги | Начар | Тажикстандын 2021, 2022-жылдардагы агрессиясына даярдыктын деңгээли |

***Кыргызстандын кылмыш дүйнөсүнө карата объект абалы***

Кыргызстандын шартында уюшкан кылмыштуулук саясатка кийлигишүүгө жабык да, ачык да аракет кылып келген. Анын таасирин эске салыш үчүн кылмыштуу авторитет атыккан Рысбек Акматбаевдин парламентке көпчүлүк добуш менен шайланып келгенин, "мыйзамдагы ууру" атыккан Азиз Батукаевдин ИИМдин коргоосу менен өлкөдөн качырылышын, Курманбек Бакиев бийликте турган кезде президенттик администрациянын мурдагы башчысы Медет Садыркуловдун киши колдуу болуп өлтүрүлүшүн жана башка кеңири коомдук резонанс жараткан фактыларды санап өтүү жетиштүү.

Ошону менен катар Кыргызстандын кылмыш дүйнөсү жана андагы кылмыштуу статустар иерархиясы система катары СССР убагынан калган жана азыр да КМШдагы жалпы түзүмдөн өз алдынча эмес. Бул системанын алкагында "мый-

замдагы ууру" жана башка кылмыштуу статусту ыйгаруу жана андан ажыратуу маселелери Кыргызстандын кылмыш чөйрөсүнүн алкагында чечилбейт.

"Мыйзамдагы ууру" деген көрүнүштөр жана ага байланышкан кылмыш дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү постсоветтик мейкиндик – мурдагы СССРдин аймагы (Орусия, Грузия жана КМШ өлкөлөрү) үчүн гана мүнөздүү деп эсептелет. Орусиянын ИИМи "алыскы чет өлкөлөрдө бул криминалдык феномендин аналогу жок" деп баса белгилеген жагы бар [13].

Бул Кыргызстандын кылмыш дүйнөсүн ким башкарары Кыргызстандын өзүндө эмес, анын сыртында, негизинен бул субмаданияттын идеологиялык борбору болгон жана азыр да ошондой роль аткарып жаткан Орусияда чечилет деген сөз.

Мындай жагдай Кыргызстан кылмыш дүйнөсүнүн иш-аракеттери жагынан да сырткы субъектилердин таасири үчүн объект болуп жатканын билдирет. Салыштыра келсек, Жапониянын "Якудзасы", Кытайдын "Триадасы", Италиянын мафиясы жана башка кылмыштуу түзүмдөр система катары өз алдынча.

Дүйнө жүзүндө кылмыштуулуктан толук кутулган бир да өлкө жок. Бул адам баласынын түпкү табиятына байланыштуу. Бирок уюшкан кылмыштуулукту көзөмөл алдында кармап туруш үчүн кылмыштуу иерархиянын башчыларына таасир этүү рычагдары эгемен мамлекеттин укук коргоо органдарынын колунда болушу өтө маанилүү.

***Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгына жооп берүүчү коопсуздук системасын түзүүнүн артыкчылыктуу багыттары***

Жогорудагы талданып чыккан маселелерди чечиш үчүн изилдөө жүргүзүлүп жаткан убакка карата жана жакынкы жылдары төмөнкү багыттарда реформаларды жүргүзүүнүн зарылдыгы бар.

***Күч түзүмдөрүнүн функционалдык талдоого жана табигый иш принциптерине негизделген реформалар***

УКМКнын реформасы. Мындай реформалардын алкагында УКМКга чалгын, контрчалгын жана конституциялык коопсуздук милдеттерин гана калтырып, бул багыттагы иштер үчүн тиешелүү кадрларды даярдоонун системасын жаңы негизде түзүп чыгуу зарыл. Анын эң негизги принциптери мекенчил позициясынын приоритетин текшерүүдөн башталат. Бул үчүн улуттук коопсуздук органдарына кабыл алына турган талапкер:

- Кыргызстандын эгемендигин, улуттук кызыкчылыгын, мамлекеттик сырды сактай билүү зарылдыгын, өзүнүн милдетин (а) башка мамлекеттерге болгон симпатиясынан, (б) өзүнүн диний ишениминен, (в) жеке кызыкчылыгынан жана коопсуздугунан, (г) жакындарынын кызыкчылыгынан жана коопсуздугунан айныксыз жогору коерун, зарыл болсо Кыргызстандын кызыкчылыгы үчүн жогоруда айтылган пункттардын баарын садага чабууга даяр болушу эң маанилүү;
- кыйноонун жана азгырыктардын бардык түрү менен текшерүүдөн өтүшү абзел;
- интеллектуалдык жактан эң мыкты даярдыктан өтүшү зарыл;
- биринчи иретте коңшулаш мамлекеттердеги элдердин тилдерин, диалекттерин жана ал тилдер жайылган аймактардын өзгөчөлүктөрүн эң мыкты даражада үйрөнүшү керек.

Мындай принциптердин алкагында УКМКнын тергөө багытындагы кызматкерлерин Орусиядан же дегеле кайсы бир башка мамлекеттен даярдоодон толугу менен баш тартуу талап кылынат. УКМКнын кызматкерлеринин сырын, чоо-жайын, таржымалын, жүргүзүп жаткан иштерин өзүнөн жана өзү иштеген органдан башка эч ким билбеши эң ма-

анилүү. Мындан тышкары, президентке караштуу Стратегиялык изилдөөлөр боюнча улуттук институттун (СИБУИ) ишин толугу менен жабык форматка өткөрүп, анын ишинин мазмунун баштанаяк улуттук кызыкчылыкка, анын ичинде улуттук коопсуздукка байланышкан изилдөөлөргө буруу зарыл.

Мамлекеттик чек ара кызматын Коргоо министрлигинин карамагына өткөрүп берип, анын баш кеңсесин жана негизги күчтөрүн түштүк аймактарга көчүрүү. Жаңы жайгаша турган орун эки чен-өлчөмгө жооп бериши максатка ылайык: а) логистикалык жактан тез арада кийлигишүү максатында ыктымал кагылышуу боло турган аймактарга азыркыдан алда канча жакын жайгашуусу, ошол эле учурда; б) коопсуздук үчүн чечим кабыл алуу борборлорунун түздөн-түз ыктымал кагылышуу боло турган жерлерден жетиштүү даражада алыс жайгашуусу.

Түштүктөгү ири шаарлардын ичинен Жалал-Абад шаары да, Баткен шаары да, Ош шаары да бул чен-өлчөмдөргө туура келбейт. Анткени Баткен шаары географиялык курчоодо турат, ал эми Ош жана Жалал-Абад шаарлары чек арага өтө эле жакын. Жогорудагы эки чен-өлчөмгө тең туура келе турган жерлер болуп Алай районунун Гүлчө шаарчасы жана Токтогул районунун Токтогул шаарчасы эсептелет (2-сүрөт).




2-сүрөт. Кыргызстандын картасы.

Коррупцияга каршы өз алдынча орган түзүү. Бул органдан башка күч түзүмдөрүнүн баарына коррупцияга жана анын көрүнүштөрүнө каршы күрөш менен алектенүүгө тыюу салынышы зарыл. Жалаң коррупцияга каршы күрөшө турган орган тиешелүү мыйзам долбоорлорун сунуш кылуу жагынан да, күнүмдүк ыкчам аракеттер жагынан да өтө кеңири ыйгарым укуктарга ээ болуп, бирок ошол эле учурда коомчулуктун эң катуу көзөмөлүндө болушу талап кылынат. Ал үчүн бул мекеменин коомдук кеңеши анын жетекчиси боло турган адамдардын тизмесин президентке жиберип, президент ошол адамдардын ичинен гана бирин тандап алгыдай болушу зарыл. Коомдук кеңештин курамына коомдук уюмдардын, эксперттердин жана коррупция менен күрөшкөн жарандык активисттердин арасынан талапкерлер парламенттин элегинен рейтинг аркылуу өтүп, айлык алып туруктуу иштеши максатка ылайык. Коомдук кеңеш коррупцияга каршы күрөш жаатындагы мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга, алардын аткарылышына көз салууга ыйгарым укуктары болууга тийиш. Мындай модел эки маселени чечет: а) башка күч

түзүмдөрү (УКМК, ИИМ ж.б.) коррупция менен күрөшкө аралашуу аркылуу өздөрү коррупцияга аралашуусунун алдын алат жана алардын түздөн-түз милдеттери менен алектенишине шарт түзөт; б) коррупция менен күрөшкө болгон коомчулуктун көзөмөлүн күчөтөт.

ИИМдин кызыкчылыгындагы укуктук реформа. Кылмыштуулук, анын бардык деңгээлдери менен күрөштүн бардык жоопкерчилиги толугу менен Ички иштер министрлигине жүктөлүп, башка органдарга, анын ичинде УКМКга андай иштер менен алектенүүгө тыюу салынышы зарыл.

Мындан тышкары, бул багытта башка мамлекеттердин жакшы натыйжа берген тажрыйбасын пайдалануу максатка ылайык. Атап айтканда, Михаил Саакашвилинин тушунда Грузияда жүргүзүлгөн реформалардын алкагында "мыйзамдагы ууру" жана башка криминалдык статусу бар экенин моюнга алган киши ошол статусту алып жүргөнүнүн өзү үчүн жазага тартылат. Андай кылмыштуу статусу бар адамдардын бир камерага камалышы алардын ортосундагы мамилени курчутуп, санын кескин азайтат. Кыргызстанда да бул практиканы ишке киргизүүнүн зарылдыгы бар.

Өлкөнү эл аралык кылмыш чөйрөсүнө карата объект абалынан чыгарыш үчүн Кыргызстандын кылмыш чөйрөсүн КМШнын кылмыш системасынан ("мыйзамдагы ууралар") ажыратып, бөлүп чыгуу да өтө маанилүү. Бул сырткы кылмыш чөйрөсүнүн таасирин азайтууга, өлкө ичиндеги кылмыш чөйрөсүнүн башчыларын көзөмөл алдында кармап турууга мүмкүнчүлүк берет.

*Географиялык жана демографиялык жагдайларга байланышкан чечимдер*

Чекара аймактарынын коопсуздугуна багытталган саясат. Өзбекстан жана Тажикстан менен чектешкен бардык калктуу пункттардын аймагын салыктан толугу менен бошотуп, бул тууралуу бардык мамлекеттик маалымат каражаттары аркылуу ачык жарыялоо максатка ылайык. Бирок аталган аймактарда ишкана ачуу укугу Кыргызстандын кыргыз улутундагы жарандарына гана берилүүгө тийиш. Бул мындай калктуу пункттарды кыргыз улутундагы жарандар менен толтурууга мүмкүнчүлүк берет.

Ошону менен катар бул географиялык чек ара аймактарындагы элге бардык түрдөгү атылуучу курал алып жүрүүгө уруксат берилүүгө тийиш. Бул бир нече кагылышууда байкалгандай коошуна мамлекеттердин элин тымызын куралдандырып, Кыргызстанга каршы гибриддик согуштун элементи катары колдонууга каршы туруштук берүүгө жол ачат. Салыктан бошотулган аймактардын эли аймактык коргонуу комитеттерине биригип, тиешелүү тартиби жана ирети менен чек араны кайтаруу иштерине тартылышы зарыл. Башкача айтканда, бул калктуу пункттардагы эл гибриддик согушка дайыма даяр турушу талап кылынат.


Чек арадагы калктын турак жайы аскердик коргонуунун бардык талаптарына ылайык салынууга тийиш. Анын ичинде туннелдер, өткөөлдөр жана коргонуу курулуштарынын системасын иштеп чыгып, бул үчүн Израилдин чек ара аймактарынын жана ага каршы согушкан ХАМАС сыяктуу согуштук күчтөрдүн тажрыйбасын изилдеп чыгып, пайдалануу сунушталат.

Борборду Токтогулга көчүрүү. Коопсуздук жаатындагы бир нече жагдайды, Бишкек жана Ош шаарларынын демографиялык, инфратүзүмдүк, ресурстук жүктөмү тиешелүү өлчөмдөн ашып бартканын жана башка факторлорду эске алуу менен, Кыргызстандын административдик борборун Токтогул шаарына көчүрүү зарыл деп эсептейбиз. Бул бир нече маселени чечет: а) Кыргызстан үчүн эң маанилүү энергетикалык объект болгон Токтогул

ГЭСинин коопсуздугуна жана андагы суунун өлчөмүнө жакындан көз салууга шарт түзөт; б) Бишкек жана Ош шаарларынын жүгүн жеңилдетет; в) трайбалисттик маанидеги түндүк-түштүк маселесинин резонансын азайтат; г) кооптуу аймактардагы жагдайларга жакыныраак жерден кийлигишүүгө өбөлгө түзөт; д) республикалык жолдорду салууга жана оңдоого түрткү берет.

Борборду Токтогул шаарына көчүрүү бир нече стратегиялык себептен улам максатка ылайык: 1) Бул шаар чек арадан алыс, демек салыштырмалуу коопсуз. Салыштыра келсек Ош жана Жалал-Абад шаарлары кошуна мамлекеттердин аскердик аракеттерин эсепке алганда Кыргызстан үчүн талуу жер болуп эсептелет;

2) Ошол эле учурда Бишкекке салыштырганда түштүк аймактарына жакын; 3) Энергетиканын жана суунун эң негизги булагына (Нарын дайрасы, Токтогул ГЭСи) эң жакын; 4) Стратегиялык жолдун боюнда, демек тамак-аштан жана башка товарлардан өксүй турган жайы жок; 5) Экологиялык жактан таза (3-сүрөт).




3-сүрөт. Токтогул районунун жайгашуусу

***<u>Куралдуу күчтөрдү курал-жарак, аскердик техника менен жабдуунун жалпы принциптери</u>***

Түзүмдүк реформанын натыйжасы кандай болгонуна карабастан, чек арадагы коопсуздукту камсыз кыла турган же аларга колдоо көрсөтө турган түзүмдөрдү курал-жарак менен камсыз кылуунун төмөнкүдөй принциптерин жетекчиликке алуу маанилүү: а) Кыргызстандын өзүндө аскер өнөр жай комплексин ачууга жана кеңейтүүгө умтулуу; б) өлкөдө өндүрүлүп жана сырттан алынып жаткан курал-жарактын, аскердик техниканын номенклатурасын мамлекеттик сырдын категориясына киргизүү; в) курал-жарактын, аскердик техниканын (1) мүмкүн болушунча ар түрдүүлүгүн, (2) техникалык жактан өз ара шайкештигин, (3) согуштун тоо театрына ылайыктуулугун, (4) ыктымал душмандын аскердик техникасы менен

курал-жарактарына каршы туруштук деңгээлин камсыз кылуу.

***Аскерге даярдоонун жаңы системасы***

Аскерге даярдоонун негизги максаты жарандар армияга барганга чейин эле анын бардык шарттарын жана талаптарын билишин, тиешелүү ыктарга жана көндүмдөргө ээ болушун камсыз кылууга багытталышы максатка ылайык. Башкача айтканда аскерге чакырылган адам ал жактан кара баштан элементардуу аскердик талаптарды аткарууга үйрөнүүгө убакыт кетирбегидей, дароо өз милдеттерин аткара баштагыдай болушу керек. Бул үчүн балдар мектептерде башталгыч класстардан тартып жаш өзгөчөлүгүнө ылайык аскердик тарбиянын бардык этаптарынан өтүшү талап кылынат. Анын программасын аскер адистери жана педагогдор биргелешип иштеп чыкканы оң.

***Чек араны делимитациялоонун улуттук кызыкчылыкка шайкеш принциптери***

Кыргызстандын чечиле элек чек ара маселелеринин эң орчундуу факторлорунун бири – анклавдар маселеси. Анклавдардын Кыргызстандын аймагында жайгашуусу өлкөнүн объект абалын күчөтүп, коңшулаш мамлекеттер үчүн басым көрсөтүүнүн маанилүү рычаг болуп эсептелет. Ошондуктан чек араны делимитациялоо боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө өлкө аймагынын четиндеги жерлерди берип, анклавдардын жерин Кыргызстанга алуу максатка ылайык. Эгерде мындай натыйжага жетишүү мүмкүн болбосо, анда анклавдарды геосаясий рычаг катары колдонуу мүмкүнчүлүгүн азайта турган кадамдарга барып, алардын негизги өлкөсү менен байланышын мүмкүн болушунча азайтуу, колдон келсе анклавдардын аймагын экономикалык блокада абалында кармап туруу максатка ылайык. Бул айрыкча сүйлөшүүлөр аягына чыкканга чейин жакшы натыйжа берет, бирок чек ара маселеси чечилгенден кийин да Кыргызстанды объект абалынан чыгарып, мамлекеттин субъекттүүлүгүн бекемдейт.

***Аскердик-саясий өнөктөштүктүн максаты***

Кыргызстан кирген аскердик-саясий бирикмелер, алардын өлкөдө жайгашкан объектилери түштүк аймактардагы чек араларды коргоого катышуу боюнча расмий саясий милдеттенме алышына жетишүү зарыл. Эгерде ага жетишүүгө мүмкүн болбосо, анда мындай бирикмелерден чыгуу жана алардын объектилерин өлкө аймагынан чыгаруу жөнүндө маселе коюлганы оң.

Жаңы аскердик-саясий өнөктөштүктү Кыргызстандын түштүгүндөгү чек ара чатактарында кыргыз тарапты ачык колдоого милдеттенме алган мамлекеттер жана аскердик-саясий бирикмелер менен гана түзүү өлкөнүн улуттук кызыкчылыгына туура келет. Эгерде андай өнөктөштүккө макул болгон мамлекет табылбаса, бул багытта Кыргызстан бардык өнөктөш өлкөлөр менен эки тараптуу мамилелердин алкагында гана кызматташып, анын алкагын курал-жарак, аскердик техника сатып алуу менен чектешке туура келет.

***Адабияттар:***


1. Что такое пирамида Маслоу: суть теории. РБК-Тренды. Сайт: https://trends.rbc.ru/trends/social/6385b3499a794707b048ec86
2. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы. Сайт: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430815?cl=ru-ru
3. Кыргыз-тажик чек арасынын 43, 32 чакырымы макулдашылды. "Азаттык" үналгысы, 8-октябрь, 2023-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/32628058.html

4. Обнародован Глобальный индекс терроризма 2023: Узбекистан - на 70-м месте. Сайт: https://darakchi.uz/ru/163389
5. Североатлантический договор. Организация Североатлантического договора. 04 Aprile 1949 _. Сайт: https://www.nato.int/cps/ru/natohq/official_texts_17120.htm
6. План действий по подготовке к членству в НАТО (ПДПЧ). Организация Североатлантического Договора, 24 Apr. 1999. Сайт: https://www.nato.int/cps/ru/natohq/official_texts_27444.htm?selectedLocale=ru
7. Эрнист Нурматов. Чек ара: ички-тышкы саясатты кайра карап чыгуу талабы. "Азаттык" үналгысы, 5-май, 2021-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/31238065.html
8. Эрнист Нурматов. Жапыкеев жетектеген Финансы полициясы жоюлду. "Азаттык" үналгысы, 5-март, 2021-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/japykeev-jetektegen-financy-police-joyuldu/31135242.html
9. "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Сайт: https://cbd.minjust.gov.kg/686
10. Кубатбек Айбашов. Бийликтин жемкордукка каршы бир жылдык күрөшү. "Азаттык" үналгысы, 20-декабрь, 2021-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/biyliktin-zhemkordukka-karshy-bir-jyly/31611839.html
11. Бакыт Төрөгелди. Бишкек: атайын операцияда Камчы Көлбаев жок кылынды. "Азаттык" үналгысы, 4-октябрь, 2023-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/krimtobol-kolbaevdi-karmoo-operatsiyasy-zhurup-zhatat/32622614.html
12. Кубанычбек Жолдошев. Чек арадагы кырдаалды парламент жабык карады. "Азаттык" үналгысы, 22-сентябрь, 2022-жыл. Сайт: https://www.azattyk.org/a/chek-aradagy-kyrdaaldy-parlament-zhabyk-karady/32046544.html
13. Кто такой вор в законе и зачем его коронуют. Объясняем простыми словами. "Секрет фирмы", 1 июля 2023 г. Сайт: